***УДК: 809***

***Акунова Г. М.***

# ТОГОЛОК МОЛДОНУН ДИН ТУУРАЛУУ ЧЫГАРМАЛАРЫНА АЙРЫМ ОЙЛОР

***Акунова Г. М.***

# НЕКОТОРЫЕ МОМЕНТЫ РАБОТЫ ТОГОЛОК МОЛДО ПО РЕЛИГИИ

***G. M. Akunova***

# SOME MOMENTS OF WORK OF MOLDPO TOGOLOKS BY RELIGION

**Аннотация:** Макалада Тоголок Молдонун дин тууралуу чыгармалары каралып, кыргыз акындар чыгармачылыгындагы акындын ырларынын орду тууралуу сөз болду.

**Негизги сөздөр:** акын, дин, молдо, чыгарма, поэма

**Аннотация:**В статье рассматриваются религиозные произведения Тоголок Молдо, место и роль стихов и поэм в произведениях кыргызских поэтов.

**Ключевые слова:** акын, религия, мулла, произведение, поэма

**Annotation:** The article deals with religious works of Togolok Moldo, the place and role of his poems in the works of Kyrgyz poets.

**Key words:** bard, religion, Mullah, a work, a poem

Кыргыз элинин таланттуу демократ акыны, көп кырлуу таланттын ээси Тоголок Молдо (Абдрахманов Байымбет) өзүнүн калтырып кеткен бай мурастары, чеберчиликте жазылган көркөм чыгармалары менен кыргыз адабиятынын тарыхында маанилүү, өзгөчө орунду ээлейт десек жаңылышпайбыз. Анын чыгармачылыгына акындык гана эмес, айтуучулук, төкмөчүлүк, манасчылык жана тамсил жанрынын баштоочусу катары жазма акындык да таандык. Өзүнүн бай чыгармачылыгында Тоголок Молдонун кайрылган темалары да өтө бай. Анын арасында ал өз кезегинде диний темага да бир нече ырларын арнаган.

Тоголок Молдо өз мезгилинин алдынкы адамы катары коомдогу ар бир болуп жаткан көрүнүштөргө өзүнүн көз карашы болгон, ошол көз карашын, оюн ырлары аркылуу билдире да алган. Коомдогу жаңыдан жайылтылып жаткан ислам дини акындын чыгармачылыгында аларды колдоо катарында эмес, көп учурларда сындоо, ишенбестик, айрым учурларга шылдыңга алуу же мыскылдоо аркылуу берилген. Ислам динине чейинкыргыздардын динди туткандыгы жөнүндө илимий аныктама жок болсо да айрым оозеки чыгармаларда анимизм, тотемизм, шаманизм өңдүү байыркы диндер тууралуу маалыматтар кездешет. Ислам динин элет кыргыздарынын арасында жайылтуу аракети Кокон хандыгынын кыргыздардын үстүнөн бийлик жүргүзө баштаган кезине туура келет. Анткени карапайым калың элди эзүү, бийликти чыңоо үчүн алар ислам динин курал катары колдонушкан. Ошол себептен молдолор, кожолор айылдарга барып, ислам динине үгүттөшкөн. Алар биринчи кезекте элдерге араб тилинде намаз окуганды үйрөтө башташат. Көбүнүн арабчага тилдери келбегендиктен жана сөздөрүнүн маанилерин түшүнүшпөгөндүктөн, айрымдары өздөрү каалагандай окуган учурлары да болгон. Бул тууралуу Тоголок Молдонун:

Минген атты токудук,
Минтип намаз окудук.

Кара-Балта, Сокулук

Кайрылып намаз окудук – деп жазганы бар. Албетте, ар бир адамда диний түшүнүк ар кандай. Кандай болгон күндө да маанисин түшүнбөгөндүктөн намаз, ыйык курандан деле күлкү чыгышы мүмкүн. Тоголок Молдонун учурунда да ошондой көрүнүш болуп отурат. Бул жерде ислам динин таптакыр жектеп, туура эмес дегендик эмес, аныкабыл ала турган элдин деңгээли жоктугунан акын ушундай ыр жаратып отурат. Учурунда ислам динин элге жайылтуу аракети акындардын, жазуучулардын чыгармачылыгына да өз таасирин тийгизип, кээде азыркы көз караш менен караганда туура эмес багыттагы чыгармалар да жазылган. Тоголок Молдо оозеки эл адабиятынан көп пайдаланган жана элдик жомоктордун, уламыштардын негизинде бир топ баалуу чыгармаларды жазган акын. Айыл арасында ислам динин таратууга активдүү катышкан дин өкүлдөрү – кожолор жөнүндө, алардымазактап, какшыктап, мыскылдап жазган чыгармаларын мисал катары алып көрсөк.

Тоголок Молдонун баарыга тааныш “Кемчонтой” аттуу чыгармасы бар. Бул поэма балдарга арналган, ошол эле учурда ошол коомдогу белгилүү казынын акылы кыска улунун жоруктары тууралуу, акылдын дайыма жеңишке жетерлигин баяндалган чыгарма. Акындын чыгармаларын иликтегенЖ. Таштемиров: “Кемчонтой” аттуу поэмасында казынын зөөкүр уулу Чонтойдун түрдүү кылык-жоругун чагылдыруу аркылуу үстөмдүк жүргүзүүчү таптын өкүлүнүн терс образын берген. Бул чыгармада атасы казы өлгөндөн кийин андан калган мал менен дүнүйөнү бүт жоготуп, жалгыз эшекке таянып калган жана пайдалуу эмгек кылбай дайыма тентиреп жүрө берген Чонтойдун образын берген. Акыл-эсинин кемдигинен ага “кем” деген сөз кошо айтылып, акыры Кемчонтой атыгып кетет”- деп жазат. [1. 148]

“Кемчонтой” поэмасын окуганда аргасыздан күлүүгө да туура келет, кайсы учурда болбосун андайлардан абайлап, алардын башка адамдарга кедергисин тийгизбей, өз жашосун өткөрүүсүнө аракет кылыш керек. Тоголок Молдо ашкерелөөчү ырлар менен катар ири көлөмдүү поэмаларды жазып, аларда дагы кыргыз коомундагы айрым кемчиликти сынга алат. Акындын “Кемчонтой”, “Куба кой менен ээсинин айтышканы”, “Куштардын аңгемеси” деген поэмалары турмуш чындыгын чагылдыруу жагынан сатиралык мазмунга ээ. [3. 305]

Поэмада “Аял алып берсем акылга кирер бекен” деген ой менен энеси Кемчонтойго Багдагүл деген эстүү кызды алып берген эле. Багдагүл ойлонуп туруп сугалак кожону үйдөн качууга мажбур кылып, качкандын артынан Кемчонтойду жумшап, алардан биротоло кутулат. Анткени алдамчылык менен күн көргөн кожону артынан кууган Кемчонтой адашып кетип, биротоло жоголот. Багдагүл сыпайы сүйлөп, жайдары мүнөзү менен өз максатына жеткен. Мисалга конок болуп келген кожого айткан:

Кожо өндөнгөн конокту
Көрбөсө адам сагынат.
Азиз мейман кожодой,
Анда-санда кабылат - деген сөздөрүбилгизбей шакабалаган ирония, юмор менен айтылып, залим кожонун өзүнүн сүрөтүн көзгө элестетет. Тоголок Молдо Багдагүлдүн образы аркылуу “катындын чачы узун, акылы кыска”, “катын акылсыз, бака куйруксуз” деген диндик жобону жокко чыгаруу аракетин көргөн.

Ал эми “Кожонун аңгемеси”деген чыгармасында “жөнгө келтирем” деп айыл элин алдаган, эмгекчи элдин “бутуна кишен салган” дин өкүлдөрүн катуу сынга алып, алардын алдамчылык бетин ачып, кожолорду “ак элечек алдамчы” деп атаган.

“Мен элетке барам деп” – деп,
“Элетти жөнгө салам” – деп,
“Элеттин малы туугандыр,

Кайыр-зекет алам” – деп – деген ыр саптары менен башталып, “селдесин чоң чалынып, мал алууга камынып” келген молдо,

Үмүт кылсаң жаныңдан,

Үшүр бергин даныңдан – деп, малдан зекет жыйнаганына ыраазы болбой, дандан да үшүр (салык) жыйноого өткөнүн сүрөттөйт. Бул поэмада акын колунан теспе түшпөгөн, жумган көзүн ачпаган, “жылда келип мал алып, пайдаланган, озүнчө тазасынган, каадаланган кожону” сүрөттөгөн. Ал эл менен жолукканда “мага берген малыңар тиги дүйнөгө барганда минүүчү ат болот” деп, андан да башка түрдүү амалдар менен үй-бүлө мамилесине, тамак-ашка чейин кийлигишкенин да айтып өтөт. [1. 150]

Катындын тилин албаңар,
Капилетке калбаңар.
Айнытат катын адамды,
Көрөсүн мындан залалды.
Катын деген түк билбейт,
Адал менен арамды – деп аялдарды кордоп, кемсинткен. [2. 134]

Тоголок Молдо алып чыга турган маселесин мыкты түшүнгөн, ошондуктун куйкум менен күлкү аралаш эпизоддорду алып чыга алган. Ал элдин көйгөйүн, ички капасын айылдан чыккан эстүү жигиттин образы аркылуу элестүү бере алган. Ал кожого барып: “Катындын тилин албагыла дедиңиз, ага биз макулбуз. Ал эми мал берүүгө келгенде үйдөн чатак чыкты. Мен “кожомо кой берем десем, аялым “кожого семиз тай бер” дейт. Эгер катындын тилин алсам, сизге тай берүүгө туура келет, сиздин сөзүңүз боюнча сизге кой гана беришим керек. Аялым менен талашып калгандыктан, сизге кеңешүүгө келдим эле, буга эмне дейсиз? ” – деген суроо коет.

Анда кожо кеп айтат:
“Мырза жигит!” – деп айтат.
Аз-аз катын сөзүнө,
Кире жүргүн!” – деп айтат– деген кожонун берген жообу менен акын кожонун ач көздүгүн, залимдигин, эки жүздүүлүгүн ашкерелеген. Чыгармалардын терс каармандарын түзгөн кожонун образы аркылуу Тоголок Молдоошол кездеги дин өкүлдөрүнө карата ой-пикирин, каршылыгын билдирген.

Биз жогоруда мисалга алып караган Тоголок Молдонун “Кожонун аңгемеси”, “Кемчонтой” аттуу чыгармалары дин өкүлдөрүн жектөө, аларды алдым-жуттум зулумдар катары кароо -ошол учурдун талабына ылайык болгон. Анткени, жакырлык турмушту баштан кечирип жаткан кыргыз элинин Кокон хандыгынын эзүүсү, аларды динге үгүттөөгө жиберилген молдо, эшен, калпалардын “Бөрк ал десе баш алган” ошол учурдагы саясаттары ушундай чыгармалардыжазууга түрткү болгон. Анткени динди бетке кармап, бай-манаптарга жагалдануунун аракетин көрүп, жалданып араң күн кечирген элет жеринин элин кордоп, аларга салык салып, өздөрү да байып кетүүнү максат кылышкан молдолор да болгон. Алар ар түрдүү ушактарды таратышып, аялдарды басмырлап, аларды адам катары көрбөй кордоп, үй-бүлөлөрдү бузганга чейин барган окуялардын сүрөттөлүшү К. Жантошевдин “Каныбек” романында, Т. Касымбековдун “Сынган кылыч” романында жана башка чыгармаларда да берилет. Бул чыгармаларды окуу менен бир жактуу бүтүм чыгарууга болбойт. Анткени молдолордун арасында дакедей-кембагалдарды колдогон, аларды жактаган, дин жагынанбилимдүү болуп, тетиринче бай-манаптарды кудайдан коркуу керектигине ынандырышып, алар салык салып тартып алган мал-жанын кайра кайтартып берген да учурлар кездешет. Ал эми молдо, кожо, казы, эшен, калпа деген сөздөрдүн карапайым элге жакпоосунун бирден-бир себеби – аларды намаз окууга үндөөсү, мажбурлоосу болгон.

Бизге белгилүү болгондой, ислам désinde мусулмандар үчүн намаз окуу - жан дүйнөнү тазарткан жана негизги парздардын бири. Ал учурда элдин дээрлик 90 пайызы тамга таанығбай турган караңгы, жакырлык турмуштан кыйналып турган калың эл үчүн молдолордун араб тилинде намаз үйрөтө башташы – алар тарабынан кордоо, басмырлоо катары кабыл алынган. Ошол себептен “ар ким өз каалаганындай” окуй башташкан. Бул дагы элдин дин боюнча туура эмес түшүнүктө болгонунун бир далили деп айтсак болот. Ошол мезгилде Тоголок Молдо динди жактап, колдоп ырдай алмак эмес, анткени ал жалпы элдин түшүнүгүнөн чыга алган эмес. Башкача айтканда, ошол учурдагы акындар – элдин калың катмарына алардын оюн жеткирүүчү жарчы катары кабыл алынгандыктан, ошол чектен чыгуусуна мүмкүн да болгон эмес.

Тоголок Молдо жетимиш жылга жакын убакытты чыгармачылыкка жумшап, бул мезгилдин ичинде көптөгөн жогорку идеялуу көркөм чыгармаларды түзүү менен бирге өз элине өлбөс-өчпөс мурас калтырды. Ал калтырып кеткен улуу мурастар кыргыз адабиятынын фондун байытуу менен дайыма жашай берет. Акын динге гана басым жасабастан, элди эмгекке үндогөн, эл достугун даңазалаган, тарбиялык маанидегичыгармалары бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготкон жок.

**Адабияттар:**


1. Таштемиров Ж. Тоголок Молдонун чыгармачылыгындагы атеисттик мотивдер// Кыргыз поэзиясы тууралуу айрым ойлор. Ф.:1975
1. Тоголок Молдо. Чыграмалар: 1 том. Ф. 1954
2. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. Ф.:1988
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы -1 том. Б.:2004
4. ”Кыргыз поэзиясынын антологиясы”Том. 2. Б.:2000


**Рецензент: к. филол. н., доцент Искендерова Ш. А.**